| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
| --- | --- |
| ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН<br>БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жыл 30-январь №1** — **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетинин долбоору жана 2025-2026-жылдарга болжолу жөнүндө**

Айылдык Кеңештин депутаттарынын бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын 2024-жылдын 27-январындагы №1 протоколдук чечимин карап чыгып, талкуулап, Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXXIV сессиясы 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетин долбоорун үчүн, карап чыгып, талкуулап

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Боо-Терек айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетинин көлөмү киреше чыгашасы менен 14867.4 миң сом суммасында баланс менен бекитилсин.
   Киреше болугу төмөнкү киреше булактарынын эсебинен түзүлсүн:
   - Теңдөөчү грант ---- 0.0 миң сом.
   - Иш берүүчү тарабынан айлык акыдан кармалуучу киреше салыгы ---- 7257.6 миң сом
   - Чакан ишкердик субъектилери үчүн бирдиктүү салык ---- 0.0 миң сом
   - Милдеттүү патенттин негизинде салык ----- 0.0 миң сом.
   - Ыктыярдуу патенттин негизинде салык ---- 246.2 миң сом.
   - Кыймылсыз мүлкко салык ---- 21.1 миң сом.
   - Транспорт ээлеринен алынуучу салык ---- 534.3 миң сом.
   - Короо-жай жер салыгы ---- 271.2 миң сом.
   - Айыл чарба жер салыгы ---- 0.0 миң сом.
   - Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгы ---- 94.1 миң сом.
   - Сатуудан алынуучу салык ---- 0.0 миң сом.
   - КБФ жерлердин аренда акысы ---- 2800.1 миң сом.
   - Жайыт жерлеринин ижара акысы ---- 411.0 миң сом.
   - Атайын каражат ---- 932.5 миң сом.
   - Жер казынасынын пайдалануу укугуна лицензия кармоо ---- 2229.3 миң сом
   - Жайлардын аренда акысы (муниц.менчик жай) ---- 20.0 миң сом.
   - Таштандыларды ташып чыгаруу үчүн жыйым ---- 50.0 миң сом.

Чыгашалар болугу 14867.4 миң сом өлчөмүндө төмөндөгү бөлүм боюнча бекитилсин:

1. Башкаруу аппаратына 7460 миң сом.
2. Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө 120.0 миң сом.
3. ЖКХ бөлүмүнө 540.0 миң сом.
4. Маданият жалпы бөлүмүнө 1348.5 миң сом.
5. Билим берүү бөлүмүнө – 3927.4 миң сом.
6. Социалдык коргоо бөлүмүнө 265.00 миң сом.

7. Экономикалык маселелер – 274,0 миң сом.
8. Бала бакча атайын каражат (ата-энелер төлөмү) – 932,5 миң сом.

2. 2024-жылдын бюджетине белгиленген каржылоо чыгымдары биринчи кезекте корголгон статьялар боюнча жумшалсын (эмгек акы, соц. фонд, тамак-аш).

3. Жыл ичинде жергиликтүү киреше булактары бюджетте белгиленген суммадан ашык түшсө, ал суммага жараша бюджеттин чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын сессиясына сунушталсын.

4. Бюджетти аткаруу процессинде зарыл учурда ич ара бөлүмдөн бөлүмгө, статьядан статьяга, кварталдан кварталга жылдыруулар айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүм башчысынын сунушунун негизинде, айылдык Кеңештин депутаттарынын сессиясында талкууланып каралып, Кеңештин токтому менен жүргүзүлсүн.

5. 2023-жылдын жыйынтыгы менен чыгашадан ашкан кирешенин эсебинен 2024-жылга 2,0 миң сом өлчөмүндө кассалык жүгүртмө каражаттык запас түзүлүп, жыл ичинде керектүү учурларда пайдаланып кайра орду толукталып, жылдын этегине чейин эсептик бөлүктө (счетто) сакталсын.

6. Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын 2019-жылдын 13-январындагы №Б-2-1 буйругуна ылайык, 2024-жылга белгиленген бюджеттин эсебинен 120,0 миң сом өзгөчө кырдаал үчүн кол тийбес резерв катары пландаштырылсын.

7. Өзүнчө эле "Кыргыз Республикасынын бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө Мыйзамынын" 21-статьясынын негизинде 2024-жылдын бюджетинин чыгаша көлөмүнүн 1 %-нын эсебинен 139 000 сом айыл өкмөтүнүн резервдик фондусу болуп түзүлүп, айыл өкмөт башчысынын тескөөсүнө берилсин.

8. 2023-жылдын бюджетинин киреше чыгаша бөлүкторүн Мыйзамдуулукта аткаруу, максатсыз жумшоолорго жол бербөө, казынадан сырткары чыгымдоолорго тыюу салуу милдеттери айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Р.Дүйшенкуловага тапшырылсын.

9. Бюджеттин киреше булактары болгон салык жана салык эмес төлөмдөрдү жыйноодо, өткөн жылдардан калган 1700,1 (бир миллион жети жүз миң бир жүз) сом недоимкаларды толук өндүрүүдө айыл өкмөтүнүн салык кызматкерлери Кабыловага Сүйүнбүбүгө катуу талап коюлсун, өзүнчө эле анын ишине ар тараптуу жардамдар көрсөтүлсүн.

10. Салык Кодексинин 328-статьясынын негизинде унаа ээлеринен тийиштүү өлчөмдөгү салыктар алынсын. Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгын чегерүүнүн коэффициенти К1-1,034 болуп белгиленсин.

11. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага А.Мамыралиев